3. Таирова Г.К. На пути к многоязычному образованию. Статья в журнале: Русский язык и литература в школах Кыргызстана. Б., 2016.

**Рецензент: к.п.н., и.о. профессор Токсомбаева Э.Т.**

УДК 82.1 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2019-4-85-90

**Сыдыкова Жыргалбү Рыскулбековна**
И.Арабаев атындагы КМУнун окутуучусу
**Сыдыкова Жыргалбү Рыскулбековна**
Преподаватель КГУ им. И. Арабаева
**Sydykova Zhyrgalbү Ryskulbekovna**
Lecturer at KSU named after I. Arabaeva

## “МАНАС” ЭПОСУ – ЭЛДИК ТАРБИЯНЫН БАШАТЫ

## ЭПОС " МАНАС - ИСТОЧНИК НАРОДНОГО ВОСПИТАНИЯ

## EPIC "MANAS - THE SOURCE OF NATIONAL EDUCATION

**Аннотация:** Бул макалада коомдук өнүгүүнүн маанилүү маселелеринин бири жаш муундарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн орду, өзгөчө, атанын берген тарбиясы маанилүү экендиги жана анын кыргыздын баатырдык ыйык эпосу “Манаста” кандай берилгендиги тууралуу жазылды. Ата-эненин берген тарбиясы баланын калыптанып, өсүп, турмуштан өз ордун табуусу үчүн алгачкы тарбиянын башаты болот. Бүгүнкү педагогика баланы эркин, өз оюн тартынбай айтып өсүшүнө багытталган тарбиялоону сунуштап жатат. Бул сунушталган педагогикалык усул - ыкмалардын үлгүлөрү кыргыздын элдик тарбиясында байыртан эле бар экендиги “Манас” эпосундагы Манастын балалык чагын сүрөттөгөн окуялардан көрүнөт. Баланын тарбиясында атанын камкордугунун мааниси өзгөчө. Эпосто атасы Манасты эркин өстүрөт жана эмгекке тарбиялайт, аны менен акылдашат, пикирин угат. Мунун философиялык да, педагогикалык да мааниси бар.

**Негизги сөздөр:** “Манас” эпосу, тарбия башаты, бала тарбиясы, мүдөөлүк өнүгүү, элдик тарбия, атанын камкордугу.

**Аннотация:** В данной статье рассмотрены основные проблемы воспитания подрастающего поколения, роль семьи в их воспитании, в особенности, значение отца в деле воспитания, которые являются основным источником развития общества, и как этот процесс отражен в героическом эпосе «Манас». Воспитание родителей является источником формирования и самоопределения ребенка. Воспитание - общее дело всего человечества. В современной педагогике в процессе воспитания детей, в зависимости от их возрастных особенностей используются различные методы и современная педагогика предлагает воспитание, направленное на свободное выражение детьми своих мнений. Которые можно встретить в кыргызском традиционном народном воспитании, издревле бытовавшее в эпических произведениях, как эпос «Манас».

**Ключевые слова:** эпос” Манас", начало воспитания, воспитание детей, нравственное развитие, народное воспитание, забота отца.

**Annotation:** This article examines the main problems of the upbringing of the younger generation, the role of the family in their upbringing, in particular, the importance of the father in upbringing, which are the main source of the development of society, and how this process is reflected in the heroic epic "Manas". The upbringing of parents is the source of the formation and self-determination of the child.

Education is the common cause of all mankind. In modern pedagogy, in the process of raising children, depending on their age characteristics, various methods are used and modern pedagogy offers upbringing aimed at the free expression of their opinions by children. Which can be found in the Kyrgyz traditional folk upbringing, which has been used since ancient times in epic works, like the epic "Manas".

**Keywords:** epos "Manas", the beginning of education, upbringing of children, moral development, folk education, care of the father.

Адам баласынын бул жашоодогу эң негизги, өмүр бою бүтпөй турган жана тынымсыз аракеттер менен кошо боло жүргөн күрөшү - бул өзүнөн кийинки жашоосун улантуучу урпагына бере турган тарбиясы.Тарбиясыз адам коому бүгүнкү күнгө өсүп жетилмек да эмес. “Тарбия – коомдун эң зарыл функциясы, анын түбөлүк категориясы, тарбия балдардын маданиятты жана улуу муундун үлгүлүү тажрыйбаларын үйрөнүүсү”[7.816-б. ] Тарыхта тарбияны ар бир коом өзүнүн өнүгүү деңгээлине жараша жүргүзүп жана өнүктүрүп келген. “Коом төрт тармак аркылуу өнүгөт: экономикалык, саясий, социалдык жана мүдөөлүк. Мүдөөлүк же жан дүйнөлүк тармакка маданият, илим, билим алуу жана дин кирет... Коомдун ар бир тармагы өзгөчө функцияны аткарган... мисалы, үй-бүлө адамдардын жаңы муунун тарбиялайт”, - деп маалымат булактарында белгилешет. [11.инт.] Ал эми бүгүнкү “цивилизациялуу”, илим менен техника өнүккөн, компьютердик технологиянын арааны жүргөн коомдо келечегине күйүп, чындап эртеңин ойлогон элдин үй-бүлөсү жаңы муундарды кантип тарбиялашы керек? Албетте, ата-бабаларыбыздан калган элдик улуу мурастарга, анын ичинен улуу ”Манас” эпосуна кайрылышыбыз зарыл. Бул жөнүндө кыргыздын мыкты педагогу, окумуштуу С.Байгазиев мындай дейт: “Улутубуздун сыймыгы болгон улуу “Манас” эпосун окутуу маселесине кеңири масштабдан карашыбыз керек. ... Дүйнөдөгү кичине жана чоң калктар глобалдашуунун кырдаалында улуттук очокко, коломтого, элдик нарк-дөөлөттөргө таянуу философиясын тутунуп жатышат.” [4.Б.2017.] Бул ой өз учурунда таамай айтылган пикир. Кыргыз эли да ааламдашуунун таскагында талкаланбай өзүн аман сактап, сактап гана калбай, алга карай өнүгүүсү үчүн кылымдар бою аздектелип бизге жеткен элдик акылмандыктын туу чокусу болгон, “Кыргыз элине энчиленген, бирок жалпы адамзат үчүн мааниси терең “Манас” эпосуна ”[10.2019.] кайрылганыбыз оң. “Ата - бабалардан калган мурас азыркы учурга кызмат кылып, муундар менен кошо жашаганда гана, ал өлбөс болуп, өмүрү узарып турат,” [4.Б.2017.] “Манас” эпосу кыргыз дүйнөсү менен өзктөш эң сүйүктүү, эң сыйлуу чыгарма”[2.Б.2015] болгодуктан, элдин үмүт-тилегинен жаралган, эл сүйгөн каарман – Манас баатырдын төрөлгөнүнөн баштап өмүрүнүн аягына чейинки жашоосун сүрөттөөдө жаштарга да, жалпы коомго да керектүү элдик тарбия жатат. “Чындыгында “Манас” жомогу өзүнүн кайталангыс көркөмдүк кубаты боюнча, нечен кылымдардын кайгылуу, оор окуяларын тулку боюна сиңирип, ыймандык, философиялык мазмундуу жыйынтыктоолору боюнча, элдин тагдырын ар

тараптан: жашоо-тиричилик, жоопкерчилик, үй-бүлө шарттары, ар түрдүү салт-санаа, социалдык-коомдук турмуш тарабынан кеңири жана толук камтышы боюнча, дүйнөдөгү эң сейрек кездешкен дүйнөлүк поэтиканын үлгүлөрүнө жатат,” - дейт улуу жазуучубуз Ч.Айтматов.[1.Ф.,1978.] Анан кантип коомду сактап калуучу, өстүрүп өнүктүрүүчү тарбия ишинде “Манаска” кайрылбайбыз?

“Манас” эпосундагы ар бир идея илимий изилдөөгө алынып, илим көңүл бурганга чейин эле элдин турмушунан терең орун алган. Алыс кетпей эле өзүмдүн бала кезимде байкаганымды айтайын. Эне-аталарыбыз чоң кишилердин сөзүнө балдарды аралаштырчу эмес. ”Мында балдар отурат” деп өздөрүнө тиешелүү тамаша азил сөздөрүн балдардын көзүнчө сүйлөшпөй токтоткон учурларына күбө болгом. Же болбосо баланы урбай тарбиялоо жөнүндөгү учурда коомдогу жана педагогикадагы маселеге келсек, кыргыздарда “баланы башка чаппа” “башына урба”,”элдин көзүнчө баланы урба” деген тыюулар бүгүнкү күнгө чейин эл арасында сакталып келет. Ошондон улам кыргыз элинде: ”Баланы жетиге чыкканча хандай сыйла, он бешке чыкканча кулча жумша, андан кийин ал атанын татыктуу уулу болот”, – деген ой айтылып калган окшойт. Мына ушул сөздүн артында кыргыз тарбиясына тиешелүү чоң философия жатат. Бул сөздүн чындыгын да “Манас” эпосунан көрөбүз. Мисал катары эпостогу бала баатыр Манастын балалык чагын сүрөттөгөн окуяларды айтсак болот.

Жакып менен Чыйырды нечен жылдар бою зарыгып жүрүп, кудайдан суранып-тиленип жүрүп тапкан жалгыз баласынын көзүнө карап өстүргөнү эпосто мындайча берилет:

“Эркелетип энеси,
Аркалап жүрдү атасы,
Аркалабай не кылсын
Артында жалгыз ботосу,”[8.175-б.]

Ошентип өтө эркелеткен бала өзгөчө тентек болуп өстү.

“Арам-адал түк билбей,
Ар бир түрлүү иш кылат
Ага-инисин көзгө илбей
Доргону көрсө токмоктойт
Жамбы тийсе колуна
Чака булча токтотпойт.
Баркын билбейт дүйнөнүн
Бай Жакып байкап күйгөнү.”[8.176-б.]

Ата-эненин бөпөлөп, көзүн карап өстүргөнү Манаска эч нерседен тартынбай, “кыялына келгенин кылбай койбой турган” мүнөз күттүрдү, жүрөгү тирүү, бүтүн өстү. Бирок эми акыл кире баштаган кезде, аны тарбиянын оң жолуна салыш керек эле. Мына ошондо тентек уулунун келечегине күйгөн, болочогуна кам көргөн атасы Жакып, байбичеси Чыйырдыга:

“Аңдасам балаң акыл аз.
Жөнүн таппайт, дөөлөт мас.
Тил азар деймин динге кас,
Мал азабын балага,
Бир тарттырып көрөлүк.
Эркелетип отурбай,
Катыктырып көрөлүк,

Сөз айтууга жатыксын,

Сөөгү бышып катыксын,"[8.176-] –бул баланы койчубуз Ошпурга берели, кагылып-согулуп эмгек кылсын, дүнүйөнүн баркын билсин, бирок Ошпурдун биздин койчу экенин айтпайлы деп, Манаска угузбай кеңешет.

Адаттан тыш өтө эркелетип өстүргөн баланын улам акыл кирген сайын өзүнүн оюндагысын бербес, эч ким менен эсептешпеген өзүмчүл болуп кетпеси үчүн, турмушта туура жолго түшүшү үчүн атасы Жакып өз убагында кам көрдү. Акыл ойлоду да, байбичеси Чыйырдыга акылдашты. Али акылга толук кире элек баласын сөзгө аралаштырган жок. Аны сен тентексиң, ээн башсың деп урушпады, же уруп-сокподу, же "анын баласы андай, мунун баласы мындай, сен эмне алардай эмес тентек чыктың," дегенчелик жемеге алышкан жок. (Азыр педагогикада башка балдарга салыштырып тарбиялоонун балага туура эмес таасир берери белгиленип келет.)

Баланы чоңдордун сөзүнө аралаштырбай, ага бөтөнчө мамиле жасап, ар кандай амалдарды колдонуу менен оң жолго салып, турмушка даярдоо үчүн атасы Жакыптын акыл ойлоп, чеберлик менен аракет жасаган иши үй-бүлөдөгү балага тарбия берүүдө атанын жоопкерчилигинин олуттуу жана чоң экенинин көрсөтөт. Бүгүнкү педагогика:

"Тарбиянын максаты даана, так, ачык аныкталып, аны жүзөгө ашыруу үчүн астейдил киришип, астейдил аракет болууга тийиш. Ансыз тарбия эч кандай натыйжа бербейт. Тарбиянын максаттуулугуна элдик педагогика бөтөнчө көңүл бөлгөн," – деп моюндап отурат. [9.Б.,2002.] Андан ары байбичеси экөө акылдашып чечкен чечимин Манаска кайрылып ортого салып:

"Карыганмын атаң, - деп
Кагылайын ботом, - деп
Жылкы, төө, малым бар,
Карып калдым мал табар
Кайда менин алым бар, - дейт.

Манаска Ошпур деген байдын козусун алты ай багып бер, эми сенин мал табар кезиң келди деген сунушун айтып, анын пикирин угат.[8.176-б.] Манас да атасынын сөзүнө "жообуңду ата аламын, токтобоймун барамын," – деп макул болуп, акылына көнөт. Жакыптын мүнөзүнөн "мен айттым, сен аткар" деген буйрукчулдукту көрбөйбүз. Тентек да болсо, баласынын ой-пикирин угуп, макулдугу менен Ошпурга өзү алып жөнөйт.

Биринчиден, жогорудагы мисалдан жашы жетиле элек, акылы толо элек балдарды чоңдордун маселесине аралаштыра бербөө керектигин көрсөк, экинчиден, ага чоңдор өз чечимдерин таңуулаган "мен чечтим, сен аткарасың" деген буйрукчул мамиле эмес, баланын оюнун баалуу экендигин анын өзүнө сездирип, кадимкидей ага кеңешип отурушу бүгүнкү педагогикадагы "инсанга багытталган окутуу" усулунун элементтери кыргыздарда байыркы убакта эле бар экенин көрсөтөт.

Ошпурга баргандан кийин Жакып анын өзүнүн койчусу экенин жашырып айтпай келгендигин эскертип: "кээде ач болсун, кээде ток, кеби тийсе ур да, сок, [8.178.]катыгып бышсын деген оюн айтып, ага баласын табыштайт.Ушул жерден дагы бир ачык айтылбаган менен баамдап билчү жагдай бар. Атасы Манаска өзүнүн сансыз малдуу бай экенин, бир уруу элдин башчысы болгон бийлиги бардыгын айтып, же өз кыял-жоругу, жүрүм-туруму менен текеберленген мүнөз күткөн учуру сүрөттөлбөйт эпосто. Ал азыр байлыгына манчыркап турган жок, ал жалгыз баласынын келечегине кабатыр болуп, зарлап жүрүп тапкан баласын кантип адам кылып тарбиялайм деп түйшөлүп жүрөт. Болбосо эсепсиз көп

мал-жандын ээси баласына менин мал табарга алым жок эми сен мал тап дебес эле. Манастын атасынын байлыгынан кабары жоктугун кийин калмактардын от май үчүн чыр чыгарган эпизоддон да көрүүгө болот. Ошол эпизоддо Манас “бул кимдин жылкысы?” деп ачык эле сурайт. Ушул жагдайларды эске алсак, эпосто ата баласына өлүү дүйнөнүн баасын көтөрүп басым жасап тарбиялаган эмес. Ал эми бүгүнкү коомдо ата- энелер балдарына материалдык байлыктын баасын көтөрө чалып, дүнүйөсү көп, мартабасы бийик бийлик адамдарды үлгү кылып, ал эмес батабызды да бурмалап “бар бол, бай бол” дегенге өтпөдүбү. Ал эми “Манас” эпосундагы жогорудагы мисалдар бир караганда жөнөкөй эле бир окуп койчу окуя катары көрүнгөнү менен, ушул үч мисалда тарбиялоонун өзүнчө бир мектеби жатат. “Натыйжада эпикалык чыгарма белгилүү кылымдарда жашоонун жазылбаган китебин, тарбия берүүнүн насааттарын алмаштырган,” – деген казактын улуу жазуучусу М.Ауэзовдун XX кылымдын башында эле көрөгөчтүк менен айтканы муну ырастайт. [3.46-б.] Дагы бир айта турган жагдай, үй-бүлөдө Манастын тарбиясына түздөн-түз атасы Жакып белсенип кийлигишти, бел байлап өзү аракет жасады, акыл калчап, амал тапты. Тарбиянын башында турду. Атасы Жакып сөз баштады, байбичеси менен акылдашты, байбичеси экөө чечкен чечимди да баласына өзү айтты, баласы менен акылдашып, Манас макул болгондон кийин ээрчитип Ошпурга да өзү алып барды. Акыры атасы Жакыптын ошол аракети акталды. Демек, ата тарбиялаган бала ок жанат тура. “Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат”.[5.Б.,2009.] Кийин дагы Манас ата-тегин атасы Жакыптан укту. Элинин, жеринин дайынын да атасы Жакыптан угуп билди. Атасы көзүнүн жашын куюлтуп туруп, өткөнүн эстеп туруп, айтып берди. “...Жигиттер атадан жигитче тарбия албаса, балада жат жүрүм-турум, терс ой-пикирлер пайда болушу мүмкүн.” [6.2019.] Бүгүн кыргыз журтчулугу, жалпы адамзат коому “Манас” эпосунан алар тарбиябыз арбын. “Адамзаттын агып турган тиричилиги дайыма болочокко багытталганы менен, өткөн тажрыйбасы – анын күлазыгы, таянган тоосу, келечек урпактарга энчиленген мурасы. Мүнсүз коомдун маданий турмушу уланышы мүмкүн эмес,” – [I.Ф., 1978.] деген улуу жазуучубуз Ч.Айтматовдун сөзүн эске алып тыянактап айтканда, бүгүн “Манасты” кыргыз элинин коомдук өнүгүүсүнүн бардык тармагында таянар тообуз, түгөнбөс күлазыгыбыз, келечек урпакка энчилеп берер мурасыбыз деп билсек, анда коомдун келечеги болгон жаштарды тарбиялоодо “Манаска” өзгөчө басым жасап, кайрылуубуз зарыл. Анткени коомдун келечекте кандай өнүгүп-өсөрү жаш муундарыбыздын бүгүнкү тарбиясына тикелей байланыштуу экени талашсыз. Андай болгон соң, билим берүүдө педагогиганын жаңы ыкмаларын пайдалануу менен катар баалуу мурасыбыз “Манас” эпосуна кайрылып, аны дыкат иликтөө менен коомдун билим берүү ишине киргизүү учурдун маанилүү талабы.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. //С.Орозбаков, “Манас” эпосу, I китеп. Ф., 1978.
2. Акматалиев А. “Манас” ааламынын чексиздиги Сагымбайда көрүнөт.// Сагымбай энциелопедиясы . Б.,2015.
3. Ауэзов М. “Манас” кыргыз элинин баатырдык поэмасы”1965. 46-б.
4. Байгазиев С. “Манас” эпосу: Бакайдын акылмандыгы, жарандык бийик этикасы жана руханий нарк-насили – мектептеги таалим- тарбиянын шам чырагы.Б., 2017.
5. Джапанов А. Кыргыз макал-лакаптары // кыргызские народные пословицы и поговорки. Б., 2009.

6. “Кутбилим” 5.02.2019.// Үй-бүлөлүк тарбиянын очогун карабаган аталардан коркомун.// Жоошбаев Н. №2 К.Осмонкулов атындагы ЖББОМ.
7. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы 6-том. Баш.ред: Асанов Ч.А. 2014.816-б.
8. “Манас” кыргыз элинин баатырдык эпосу // С.Орзбаковдун варианты боюнча адемиялык басылышы. I китеп. “Кырызстан “ басмасы.Б.,1995.175-б.176-б.178-б.
9. ”Педагогика”. Бишкек -2002.
10. Рысмендеева Н., Жузпекова К., “Ордо оюнунун генезиси”макала Ата турк 2019.
11. Саадабаев Ж.,“Коом деген эмне?” макала. Интернет булагы.

**Рецензент: КРУИАнын корреспондент – мүчөсү, профессор С.Ж. Мусаев**

УДК 81-2
DOI 10.33514/1694-7851-2019-4-90-94

**Токомбаева Ж. Ю.**
И. Арабаев атындагы КМУнун орус тили жана адабияты кафедрасынын ага окутуучусу
**Токомбаева Ж.Ю.**
старший преподаватель кафедры русского языка и литературы КГУ им. И. Арабаева
**Tokombaeva Zh.Yu.**
Senior Lecturer, Department of Russian Language and Literature, KSU named after I. Arabaeva

## ОРУС ЭЛИНИН ИСКУССТВОСУ ТИЛДИ ҮЙРӨНҮҮДӨӨ

## О РУССКОМ НАРОДНОМ ИСКУССТВЕ ПРИ ИЗУЧЕНИИ ЯЗЫКА

## ABOUT RUSSIAN FOLK ART STUDY OF LANGUAGE

**Аннотация:** Орус тили өз эне тили болбогондуктан, аны үйрөнүүдө ал элдин маданиятынын тилде чагылдырышы менен таанышуу керек.

**Негизги сөздөр:** тилди үйрөнүү, маданий өзгөчөлүктөр, тексттер, туура түшүнүү.

**Аннотация:** При изучении русского языка как неродного необходимо ознакомление с культурой народа, отраженной в языке.

**Ключевые слова**: изучение языка, культурное особенности, тексты, адекватное понимание.

**Annotation:** To learn the Russian language as a non- native, you need to familiarize yourself with the culture of the people which reflected in the language.

**Key words**: language learning, cultural features, texts, adequate understanding.

Изучение русского языка студентами, окончившими школу на родном киргизском языке, предполагает умение не только правильно говорить, соблюдая грамматические нормы языка, но и полноценное понимание отраженного в языке особенностей культуры, духовных ценностей народа, его миропонимания. Освоение языка с его национальным колоритом, который непременно присутствует в устном творчестве народа, любом литературном произведении, обязывает знание того богатства жизненного, исторического культурного наследия русского народа, заложенного в языке, что необходимо человеку в современном